# Сен бар үчүн

Жаным менин кандай айтсам жарашат,

Жашоом күндө жаркын болуп бaратат.

Сен бар үчүн куунак өтүп кечтерим,

Сен бар үчүн кубанычтуу таң атат.

Ичим, сыртым баары, баары жаңырды,

Каным - сүйүү, аралаган тамырды.

Мен төрөлдүм жашым кайра он сегиз,

Билип сенин бул дүйнөдө барыңды.

Өңүм алтын, күлкүм күмүш күндө мен,

Күндөрүмдү тостуң түркүн гүл менен.

Сен бар үчүн келдим ушул дүйнөгө,

Сен бар үчүн кетпейм мындай дүйнөдөн